Чым-Коргон айыл өкмөтүнүн
2026-жылдын 16-февралынын
№13 тескемесине
№ 5 тиркеме

**ИШ-ЧАРАЛАР ПЛАНЫ**
**2026-жылдарга карата**
Чым-Коргон айыл аймагында **«ТАЗА ЧҮЙ»** артыкчылыктуу багытын ишке ашыруу боюнча
**(ЖОЛ КАРТА)**

**Иш чара план 4 бөлүм, 30 пунктан турат.**

**Бөлүмдөрдүн аталышы:**
1-бөлүм Калдыктарды башкаруу системасын өнүктүрүү жана өркүндөтүү, 11 пунктан
2-бөлүм. Айлана-чөйрөнү коргоо жана социалдык жоопкерчиликти жогорулатуу, 3 пунктан
3-бөлүм. Мониторинг, контролдоо жана баалоо, 12 пунктан
4-бөлүм. Уюштуруучулук түзүм жана башкаруу, 4 пунктан

**Максаты:** Чым-Коргон айыл аймагында турмуш-тиричиликтин катуу калдыктары жана өндүрүш-керектөө калдыктары менен иштөөнүн натыйжалуу, заманбап жана экологиялык жактан коопсуз системасын түзүү, бардык калктуу пункттарда санитардык тартипти жана тазалыкты камсыз кылуу, калктын экологиялык маданиятын жогорулатуу, ошондой эле чарбакер субъекттердин жана жарандардын экологиялык жана коомдук жоопкерчилигин күчөтүү.

**Көзөмөлдүн негизи:** Пландын аткарылышына көзөмөл жүргүзүү Кыргыз Республикасынын Президентинин Чүй облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн Аппаратына жүктөлөт.

Аткаруучулар:

- Кемин райондук мамлекеттик администрациясы;
- Чым-Коргон айыл өкмөтү;
- Кемин райондук ички иштер бөлүмү;
- Райондук жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо бөлүмү;
- Экологиялык жана техникалык көзөмөл кызматы;
- Райондук ветеринардык башкармалыгы;
- Жол тейлөө ишканалары;
- Райондук шаар куруу жана архитектура башкармалыгы;
- "Элдик" Муниципиалдык ишканасы

**Эскертүү:** долбоор айыл өкмөтү тарабынан белгиленген пландардын аткарылышына жараша, ошондой эле санитардык, экологиялык заманбап жаңы багыттар табылганда, Чүй облусун өнүктүрүү боюнча калган 5 багытты эске алуу менен оңдолот жана толукталат.

| | Иш-чаралар | Аткаруу мөөнөтү | Жоопту аткаруучу | Кошумча аткаруучу | Күтүлүүчү жыйынтык чаралар |
|---|---|---|---|---|---|
| **1-БӨЛҮМ. КАЛДЫКТАРДЫ БАШКАРУУ СИСТЕМАСЫН ӨНУКТҮРҮҮ ЖАНА ӨРКҮНДӨТҮҮ** | | | | | |
| **1-чейрек** | | | | | |
| 1.1 | Чым-Коргон айыл аймагындагы айылдардын жайгашкан жерине жана калкынын санына жараша тиричилик калдыктарын көлөмүн эсептеп, талдоо жүргүзүп, талдоонун негизинде канча күндө бир чыгара турган графиктери иштеп чыгуу. Таштандыларды чыгара турган атайын техниканын же болбосо башка автоунаа каражатынын маркасы, чыгара турган таштандынын көлөмү көрсөтүлүп, иштелип чыккан график айыл өкмөттүн башчысы тарабынан бекитүү | 2026-жылдын 25-февралына чейин | Айыл өкмөтү | “Элдик” МИ | Графиктин негизинде өз убагында таштандыны чыгарылат |
| 1.2. | Айылдык Кеңештердин чечими менен 2023-жылдын 15-августундагы № 181 сандуу Кыргыз Республикасынын өндүрүш жана керектөө калдыктары жөнүндөгү мыйзамынын талаптарына ылайык жана бүгүнкү күндүн заманбап талаптарын эске алуу менен турмуш-тиричилик калдыктарынын тарифин бекитип жеке жактарга төлөнө турган сумма келишимсиз эле ай сайын төлөнө турганын, юридикалык жактар келишимдин негизинде төлөй турганын чечимге киргизүү менен кабыл алып. Кабыл алынган чечим коомчулука | 2026-жылдын 25-февралына чейин | Айыл өкмөтү | Айылдык Кеңеш “Элдик” МИ | Калдыктарды чыгару кызматтарыны наркынын жогорулашы |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | жеткирүү боюнча иштерди уюштуруу | | | | |
| 1.3 | Таштанды челектери калктын жайгашуусуна жараша талдоонун негизинде жерлери аныкталып, таштанды челектерин жасоо боюнча жеринде “Таза айыл” акцияларын өткөрүү менен таштанды челектерин жасай турган демөөрчүлөрдү тартуу | 2026-жылдын 1- квартал | Айыл өкмөтү | “Элдик” МИ | Таштанды челектер 500 даана орнотулат |
| | Айыл аймактагы аймагында уруксаатсыз таштанды ташталган жерлерди аныктап тизмектерин түзүп, ал жерлерди калыбына келтирүү боюнча ар тараптуу иштерди жүргүзүү (мисалы: ал жерди тазалоо, мындан аары таштанды ташталбасы үчүн видео байко коюу, же болбосо инвестор тартуу менен ал жерди өндүрүш ишканасына, эс алуу жайына айлантуу боюнча) | 2026-жылдын 1- квартал | Айыл өкмөтү | “Элдик” МИ | Экологиялык жакшыруу камсыздалат |
| 1.4 | Айыл аймагындагы мыйзамдаштырылган таштанды полигонуна жер тилкесин белгилеп, мыйзамдаштыруу | 2026-жылдын 4-квартал | Айыл өкмөтү | “Элдик” МИ, Архитектура, Кадастр | Экологиялык жакшыруу камсыздалат, калк жумуш орун менен камсыз болуп |
| 1.5 | Аймактардагы беккер аңын (яма) жер тилкесин белгилеп, мыйзамдаштыруу | 3-квартал 2026- жыл | Айыл өкмөтү | “Элдик” МИ, Архитектура, Кадастр, ветеринардык башкаруу | Инфекциялык ооруларды алдын алуу, жагымсыз жыттарды жоготуу. |
| 1.6 | Турмуш-тиричилик калдыктарын чыгаруудагы кызмат көрсөтүүлөрдүн акча | 2027-жылдын 2- квартал | Айыл өкмөтү | “Элдик” МИ | Мобилдик оператор |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | каражаттарын чогултуу, заманбап талаптарга ылайык электрондоштуруу, телефондук тиркеме аркылуу төлөө боюнча чараларды көрүү | | | | аныкталат |
| 1.7 | Таштандыларды уруксатсыз таштоо фактыларын алдын алуу максатында, таштанды көп ташталуучу аймактарда (стихиялуу таштанды жайлары, коомдук мейкиндиктер, эс алуу зоналары) социалдык багыттагы, анын ичинде юмордук формадагы экологиялык маалыматтык табличкаларды орнотуу аркылуу калктын экологиялык маданиятын жогорулатууга багытталган демилгени ишке ашыруу | 2026-жылдын 2-квартал | Айыл өкмөтү | “Элдик” МИ | Таштандыларды уруксатсыз таштоого карата коомдук терс мамиле калыптанып, калктын экологиялык маданияты жогорулап, стихиялуу таштанды жайларынын саны кыскарып, айлана-чөйрөнү коргоо маселелеринде коомдук көзөмөл күчөтүлдү |
| 1.8 | Айыл аймакта архитектуралык-дизайн кодду иштеп чыгуу жана киргизүү, фасаддарды, жарнамаларды жана коомдук мейкиндиктерди бирдиктүү стандартка келтирүү. | 2027-жылдын 2-квартал | Айыл өкмөтү | “Элдик” МИ | Айыл аймактын архитектуралык-көркү жакшыртылып, заманбап шаардык дизайн калыптандырылат |
| 1.9 | Чым-Коргон айыл аймагында жайгашкан | 2026-жылдын | Айыл өкмөтү | “Элдик” МИ | Чым-Коргон айыл аймагында |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | өнөр жай объекттери тарабынан санитардык-коргоо зоналарынын (СКЗ) талаптарын сактоону камсыз кылуу, өндүрүш объекттерине чектеш аймактарды көрктөндүрүү, жашылдандыруу жана санитардык абалды жакшыртуу боюнча комплекстүү иштерди жүргүзүү, ар бир субъектиге өзүнүн айланасындагы аймагын таза кармоого жана көрктөндүрүүгө милдеттендирүү | 2-квартал | | | санитардык-коргоо зоналарынын талаптары системалуу түрдө сакталуусу камсыздалып, өнөр жай объекттеринин айлана-чөйрөгө тийгизген таасири азайып, чектеш аймактар көрктөндүрүлүп, калк үчүн коопсуз жана ыңгайлуу жашоо чөйрөсү түзүлдү |
| 1.10 | Көчөттөрдү отургузуу боюнча комплекстүү программаны ишке ашыруу, калк арасында түшүндүрүү жана мотивациялык иштерди жүргүзүү, чакан жана орто бизнес (МСБ) субъекттерин жашыл аймактарды кароого тартуу, инвесторлордун жана ишкерлердин каражаттарынын эсебинен тамчылатып сугаруу системаларын киргизүү, ошондой эле парктардын, скверлердин жана жасалма токой аянттарынын узак мөөнөттүү кураторлугун камсыз кылуу | 2026-жылдын 2-квартал | Айыл өкмөтү | "Элдик" МИ жетекчилер | Чым-Коргон айыл аймагында жашылдандырууга системалуу мамиле киргизилип, жөн гана көчөт отургузуу эмес, аларды узак мөөнөттүү кароо жана сактоо камсыздалып, парктар жана жасалма токойлор түзүлүп, экологиялык абал, микроклимат жана калктын жашоо сапаты |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | жакшыртылды |
| 1.11 | Бардык калктуу конуштарда бирдиктүү тазалоо күндөрүнүн графиги менен жыл сайын эки айлык “Тазалык майрамын” өткөрүү. Баардык кызматтарды, үй кожолуктарын тартуу менен иш чаранын алкагында көчөттөрдүү отургузуу | 2026-жылдын 2- квартал | Айыл өкмөтү | “Элдик” МИ | А/өкмөтү, мекеме ишканалар, үй кожолуктар катышып аймак тазаланды |
| **2-БӨЛҮМ. АЙЛАНА-ЧӨЙРӨНҮ КОРГОО ЖАНА СОЦИАЛДЫК ЖООПКЕРЧИЛИКТИ ЖОГОРУЛАТУУ** | | | | | |
| 2.1. | Ар бир үй кожолуктар, көп кабаттуу турак үйлөр жана юридикалык жактар өздөрүнүн аймагында санитардык, тазалык эрежелерин бузбоосу, таштандыларды белгиленбеген жерге таштоо, үйүп салуу, өрттөө, боюнча иштер уюштурулуп, андай учурлар аныкталган учурда Кыргыз Республикасынын бузуулар жөнүндөгү кодексинин 110,114,115- беренелери менен чаралар көрүлөөрүн эскертүү менен калк арасында кеңири түшүндүрүү иштерин жүргүзүү | Ар дайым | Айыл өкмөтү | “Элдик” МИ | Айып пулдар салынып көрүлүп бюджеттке акча каражат түшөт |
| 2.2 | Социалдык медиада жана SMS билдирүүлөр аркылуу «Туура сорттоо», «Тазалыкты сактоо», «Экологияны коргоо» багытында роликтерди байма-бай чагылдыруу менен маалыматтык кампаниянын өткөрүү. | Ар дайым | Айыл өкмөтү | “Элдик” МИ | Аудиторияны аймак калкынын 70%дан ашыгы камтыйт. |
| 2.3 | Мектептерде «Менин таза мекеним» маалымат кампаниясын жана экологиялык сабаттуулук сабактарын баштоо.<br>Ар бир мектепте өткөрүлгөн сабактар | 2026 –2027 окуу жылдар | Айыл өкмөтү | “Элдик” МИ<br>Билим берүү мекемелер | Модулду мектептин окуу программасына бардык мектепте |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | боюнча мониторинг жүргүзүлүп, жыйынтык чыгарлып а/ө тарабынан кызыктыруучу, шыктандыруучу иш чараларды өткөрүү | | | | киргизүү. |
| | **3-БӨЛҮМ. МОНИТОРИНГ, КОНТРОЛДОО ЖАНА БААЛОО** | | | | |
| 3.1 | Аймактарды абатташтыруу (благоустройства) жана айлана чөйрөнү коргоо боюнча Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндөгү кодексинин **492** беренесинде көрсөтүлгөн укуктарынын негизинде 110, 111-беренелеринде, 112-беренесинин 1-бөлүгүндө, 113-124-беренелеринде каралган укук бузуулар боюнча протколдорду түзүү | Ар дайым | Айыл өкмөтү | Кемин РИИБ | Жарандык жоопкерчилик жогорулайт |
| 3.2 | Адабий тилдин ченемдерине ылайык келбеген же болбосо уят сөздөрдү камтыган тексттерди пайдалануу, ошондой эле маалыматтык билдирүүлөрдү жайгаштыруу үчүн белгиленбеген жерлерге чаптоо, илүү, тиешелүү органдар менен макулдашпастан сырткы жарнаманы жайгаштырууларды бузгандыгы үчүн укук бузуулар кодексинин 107-беренеси менен чараларды көрүү | Ар дайым | Айыл өкмөтү | Кемин РИИБ | Жарандык жоопкерчилик жогорулайт |
| 3.3 | Аймактарда жол жээктеринде, жолдорду булгоо, жолдорду бузуу, казып салуу, таштандыларды таштоо, жана өздөрүнө тиешелүү жолдорду тиешелүү деңгээлде тазалап кармабагандыгы үчүн, укук бузуулар кодексинин 177-беренелеринде, 178-беренесинин 1 жана 3-бөлүктөрүндө, 179-181-беренелеринде көрсөтүлгөн талаптар | Ар дайым | Айыл өкмөтү | Кемин РИИБ | Жарандык жоопкерчилик жогорулайт |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | боюнча чараларды көрүү | | | | |
| 3.4 | Аймактарда жаратылыш ресурстарын пайдаланууда талаптарды бузган, жаратылыш чөйрөсүнө булгоочу заттарды таштоо, жаратылыш ресурстарын урксаатсыз пайдалануу, суу ресурстарын сактоо эрежелерин бузуу, ирригация тармактарын эксплуатациялоо жана күтүү эрежелерин бузгандыктары, өсүмдүктөрдү, же анын калдыктарын өртөө эрежелеринр бузгандыгы боюнча укук бузуулар кодексинин 245-253-беренелери боюнча протоколдорду түзүү | Ар дайым | Айыл өкмөтү | Кемин РИИБ | Жарандык жоопкерчилик жогорулайт |
| 3.5 | Аймактарда белгиленбеген жерлерге соода-сатык кылуу, салык салуудан качуу, акы төлөнүүчү муниципиалдык унаа токтоочу жайларга, акы төлөөдөн качуу, шаардык коомдук транспорт эрежелрин бузуу боюнча укук бузуулар кодексинин 286-беренесинин 2-бөлүгүндө, 308-беренесинин 2-бөлүгүндө, 192[1]-беренесинде, 199-беренесинин 8-бөлүгүндө каралаган талаптарга ылайык чараларды көрүү | Ар дайым | Айыл өкмөтү | Кемин РИИБ | Жарандык жоопкерчилик жогорулайт |
| 3.6 | Аймактарда айдоо жерлерди тепсөө, жерлерди пайдалануу эрежелерин бузуу, жерге жайгаштуруу эрежелерин бузуу боюнча укук бузуулар кодексинин , 238, 239, 242, беренелери менен протоколдорду түзүү | Ар дайым | Айыл өкмөтү | “Элдик” МИ<br>Кемин РИИБ | Жарандык жоопкерчилик жогорулайт |
| 3.7 | Автомобиль жолдорунун жээгиндеги жерлерге (жол тилкесиндеги жана жол | Ар дайым<br>2026-жыл | Айыл өкмөтү | айыл өкмөт башчылары, жер | жол жээктери ирээтке келип, жол |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | боюндагы тилкедеги жерлерде) жол боюндагы тейлөө объекттерин (анын ичинде сооданы) мыйзамсыз жайгаштырууну алдын алуу жана бөгөт коюу боюнча чаралар жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 14-мартындагы пж № 56 Жарлыгынын талаптарын так аткарууну | | | суу көзөмөл кызматы, шаар куруу жана архитектура кызматы, жол тейлөө ишканалары | транспорт кырсыктарына бөгөт коюлат |
| 3.8 | Ушул пландын 3.1-3.6 пунктунда көрсөтүлгөн талаптар боюнча күнүмдүк иш аракеттер жүргүзүлүп ар бир берене боюнча протоколдор түзүлүп, ай сайын жыйынтык отчеттор чыгарылып, талдоо жүргүзүлүп, аймактардын ишине баа берүү | 2026-жылы Ай сайын | Айыл өкмөтү | Кемин РИИБ | Аймактардын ишмердигине баа берилет |
| 3.9 | Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жыл 2-сентябрдагы № 550 токтому менен бекитилген ББР автоматташтырылган маалыматтык системасында иштелип чыккан иштер үчүн өндүрүлгөн айыптардын суммаларын түзүү жана пайдалануу тартибинин 3-главасынын 10.11. пунктарына ылайык өндүрүлгөн айыптардын суммасы өзүн-өзү башкаруу органдарынын материалдык техникалык камсыздоого жана кызматкерлердин эмгегин шыктандыруу (кошумча төлөнүүчү акы) үчүн колдонулат | Ай сайын 2026-жыл | Айыл өкмөтү | Кемин РИИБ | Аймактардын материалдык техникалык абалы жакшырат, кызматкерлердин айлык акылары жогорулайт |
| 3.10 | "Таза Чүй" боюнча комиссия тарабынан квартал сайын мониторинг жүргүзүү, фото отчетторду "Таза-Чүй" долбоорунун кураторуна тапшырып туруу | 2026-жылдын 1- кварталдан баштап | Айыл өкмөтү | Комиссия | Берилген отчеттордун үзгүлтүксүздүгү жана толуктугу. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 3.11 | Ушул пландын 3.1-3.6 пунктунда көрсөтүлгөн талаптар боюнча тиешелүү кызматкерлерди бекитүүсү зарыл. Бекитүү учурунда ал кызматкерлер укук бузуулар жөнүндөгү проткоолдорду толтурууга деңгээли, ошондой эле мүмкүнчүлүктөрүн карап талдоо жүргүзүү менен бекитилсин | 2026-жылдын 2-квартал | Айыл өкмөтү | Протокол түзүү боюнча кызматкер | 3.1-3.6 пункттарындагы тапшырмаларды так аткарылат |
| 3.12 | Калктын тазалыкка канааттануусу боюнча жылдын жыйынтыгы менен бир жолу көз карандысыз социологиялык сурамжылоо жүргүзүү. | 2026-жылдын 4- квартал | Айыл өкмөтү | Кесипкөй социологиялык кызмат | Канааттануу индексинин динамикасын өлчөө (максат: 2027-жылга чейин 40% өсүшү). |
| | **4-БӨЛҮМ. УЮШТУРУУЧУЛУК ТҮЗҮМ ЖАНА БАШКАРУУ** | | | | |
| 4.1 | 1-этап Айылдарда айыл тургундарынын ватсап группасын түзүү, ал группадан тазалык боюнча таштандыларды таштабоо, экологияны коргоо боюнча ар дайым түүшүндүрүү иштерин жүргүзүү.<br>2-этап ар бир айыл башчы, квартал бышчы, активистерден турган ватсап группаны түзүп Ал группа аркылуу тазалык, экология багыттары боюнча активдүү иш алып баруу<br>3-этап ар бир муниципиалдык ишканада, айылдарда ар бир көчөөгө жоопту кадыр барктуу адамдарды бектип, жоопту адамдар өзүнүн аймагында тазалык, экология маселесин ар дайым көзөмөлдөп уюштуруп туруу | 2026-жыл 1-квартал, андан кийин ар дайым | Айыл өкмөтү | Айыл башчылар, активистер | Уюштуру иштери жакшырып калк арасында маалыматтар өз убагында жеткирилет |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 4.2 | Муниципиалдык ишкананын (мындан аары МИ) кызматкерлерине тийиштүү аймактарды бекитүү, МИ кызматкерлери өз учурунда жарандарды тазалыка мобилизациалоо<br>1. ар бир жаран өзүнүн үй кожолугун алдын таза кармоо, ар дайым тазалап туруу, бак-дарак, гүлдөрдү отургузуу, аларды сугарып туруу<br>2. ар юридикалык жактар өзүнүн айланасын абатташтырып (благоустройство), ар дайым таза кармоосун милдеттендирүү | 2026-жылы күн сайын | Айыл өкмөтү | МИ башчылары, МИ кызматкерлери, үй кожолуктар, юридикалык жактар | Жарандардын жоопкерчилиги жогорулап, аймак тазаланат |
| 4.3 | МИ кызматкерлерине өздөрүнүн аймагын таза кармагандыгы үчүн шыктандыруучу акчалай сыйлыктарды берүү, ошол эле учурда таза ишкана, таза үй кожолук шыктандыруучу номинацияларды берүү. Каржы булактары ушул пландын 3.9 пунктундагы көрсөтүлгөн иш чаралардан жана башка демөөрчүлүк багыттардан колдонуу | 2026-жыл квартал сайын | Айыл өкмөтү | "Элдик" МИ | МИ кызматкери жана жарандардын Мындан аары шыктануусу жогорулайт |
| 4.4 | Ушул пландын пункттарында көрсөтүлгөн талаптардан башка аймактын жайгашуусуна, калкынын катмарынын өзгөчөлүктөрүнө, айыл аймак, шаарлардын материалдык техникалык абалдарына жараша кошумча иш чараларды уюштуруу | 2026-жыл чейрек сайын | Айыл өкмөтү | "Элдик" МИ | Аймак тазалын кошумча иш чаралар уюштурулду |

**Башчынын орун басары** **А.Джамангулова**